КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

БУЙРУК

ПРИКАЗ

№ 197/1 20 17 жылдын «16» февраля

**Билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарттташкан тесттер түрүндө өткөрүү жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндөгү” 2012-жылдын 23-мартындагы № 201-токтомунун 6-тарамчасынын 7-пунктун (“Билим берүү процессинин натыйжаларын диагностикалоо жана контролдоо”) ишке ашыруу боюнча жүзөгө ашыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү уюмдары жөнүндөгү типтүү Жобону бекитүү жөнүндөгү» 2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541-токтомунун 46, 47 беренелерине ылайык билим берүүнүн жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулардын “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарттташкан тесттер түрүндө өткөрүү максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Билим берүүнүн жалпы билим берүү программалары боюнча “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарттташкан тесттер түрүндө өткөрүү жөнүндөгү бул Жобо бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “2015-2016-окуу жылында жалпы билим берүү уюмдарынын XI класстарынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандарттташкан тесттер түрүндө сыноодон өткөрүү жөнүндөгү Жобону бекитүү” тууралуу 2016-жылдын 25-мартындагы N 353/1-буйругу күчүн жоготту деп эсептелсин.
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектепке чейинки, мектепте жана мектептен сырткары билим берүү башкармалыгына (М. Усеналиев) жана Улуттук тестирлөө борборуна (А. Н. Бакиров) тапшырылсын.

0031815